
# Рекс үчүн үй




Автор: Айгуль Джапарова

Сүрөтчү: Айсулуу Алиева

Которгон: Талгат Деркембаев

# Рекс үчүн үй

Автор: Айгуль Джапарова
Сүрөтчү: Айсулуу Алиева
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Рекс үчүн үй" (кыргыз тилинде), автор Айгуль Джапарова, сүрөтчү Айсулуу Алиева, которгон Талгат Деркембаев

*Дом для Рекса*, Copyright © 2023, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Нурбек  Рекс ити менен короодо кубалашып ойноп жүрдү.

Күн жылуулук жана жарыкты  тартуулап турат.

Жүгүрүп чарчаган Нурбек үйгө кирип кетти. Рекс куйругун булгалап, кожоюнун эшикке чейин узатып келди.

Рекс деген аты коркунучтуу болгону менен,  кичинекей эле күчүк болчу.

Эртең менен бала мектепке жөнөрдө китептерин салыштырды. Ал математика сабагынан үй тапшырма аткарбай калганын эстей калды. “Мейли эми, бирөөнөн көчүрүп алам да” – деп ойлоп койду.



Майдалап күзгү жаан себелеп жатты. Сыртта күн суук жана нымдуу болчу. Нурбек сумкасын көтөрүп короого чыкты.

Бир маалда ал хризантема гүлүнүн арасында жаткан кичинекей досун көрдү. Бадал болуп куураган гүл аны жаандан коргогон жок. Рекс кожоюнун берилгендик менен карап, куйругун булгалап койду.

Нурбек үйгө чуркап кирип, эски кол чатырды жана  килемче менен картон алып чыкты.  Кол чатырды бадалдын үстүнө калкалап, жерге картон салып,  килемчени төшөп койду.

– Рекс, бир аз чыдап тур! Атама айтып, сага үй жасап беребиз, – деди досуна.

Нурбек мектепке кечигип келди. Биринчи сабак математика сабагы болчу. Валентина Петровна бир нерсени түшүндүрүп жатты. Бирок Нурбек сабакка көңүл бурган жок. Анын көз алдында үшүп, чыйрыгып калган Рекс турду.


– Нурбек, сен мени укпай жатасың го. Үй тапшырманы аткардың беле? – сурады эжейи.
– Жок, Валентина Петровна, аткарган жокмун. Күчүгүм Рекстин үйү жок. Атамдын колу бошобой жатат. Суукта Рекстин ооруп калышын каалабайм. Өзүм үй жасап бергенге аракет кылып көрөм го.


– Макул, сага эки койбой турайын. Үй тапшырманы убагында аткарганга аракет кыл. Бирок сенин досуңа үй салыш үчүн чийме керек. Себеби үйдү ченем-өлчөмдөр менен салат да.

– Мен чиймени кантип чийип алам?

– Бул жерде математиканы билүү керек. Азыр сабакты өтөлү. Андан кийин балдар болуп сага жардам беребиз.

Сабактан кийин бүт класс жана Валентина Петровна кантип итке үй салып берүүнү ойлонушту.






– Жыгач тактайлар керек го деп ойлойм. Мындай үйлөрдү жыгачтан салышат, – деди
Айжамал.

– Аны чоңураак кылып салыш керек. Себеби, сенин күчүгүң чоңоёт да, – деди Таня.

Дима менен Болот доскага Рекстин келечектеги үйүн тартып башташты. Акыры сүрөт даяр болду. Чекчейген, сонун үй болуптур.

– Балдар, Рекстин өзүн да ченеп көрүш керек. Анын боюна жараша тактайларды тилип даярдаш керек. Ошондой эле, балка менен мык какканды да билүү зарыл. Демек, сага атаңдын жардамы керек болот экен, – деди мугалим эже.


Маселе: “Рекске кантип үй салыш керек?”

1. Рекстин боюн өлчөш керек:

Узундугу – 40 см

Бийиктиги – 25 см

Туурасы – 20 см





2. Ал эки эсе чоңоёрун эске алабыз.
Демек, чоңдуктарды 2ге көбөйтүү керек.

Узундугу - 40 × 2 = 80 см

Бийиктиги - 25 × 2 = 50 см

Туурасы - 20 × 2 = 40 см




3. Эми кенендик үчүн ар бир чоңдукка
30 сантиметрден кошуу керек.
Узундугу - 80 + 30 = 110 см
Бийиктиги - 50 + 30 = 80 см
Туурасы - 40 + 30 = 70 см




Мектептен келе жатып Нурбек итинин үйү кандай болорун болжолдуу элестетти.

“Атамдын үйдү жасаганын көрүп, үйрөнүп алыш керек”, – деп ойлоду бала.

Атасы  үйдө экен. Бүгүн анын эс алуу күнү болчу.

– Ата,  Рекске үй салып бергенге жардам берип коюңузчу. Суук болуп калды, итим үшүп жатат.

Атасы баласынын олуттуу, ошол эле учурда капалуу көздөрүн көрүп, уялып кетти.

Ал көптөн бери Нурбектин итке үй салып берели дегенин эстеди.

Атасы экөө бир күн кечке Рекске үй салышты. Нурбек колуна чиймесин кармап, атасына балка, мык алып берип турду. Балдардын кеңештеринин пайдасы тийди.

Акыры иттин үйү да бүттү. Карагай жыттанган үйү эң сонун болду!




Үйдүн ичине калың килемче төшөштү. Нурбек Рексти чакырды.

Күчүк түшүнбөгөнсүп, өзүнүн жаңы үйүнүн алдында кирүүдөн айбыгып турду. Бала аны үйгө түртүп киргизди. Рекс килемчеге ыракаттана керилип, ары-бери оонай баштады.

Ага үйү ушунчалык жаккандыктан, сыртка чыккысы келбей калды окшойт.

Түнү менен кайра  жаан жаап чыкты...

Эртең менен Нурбек Рексти көрүү үчүн чуркап келди. Ал бекем чатыр алдында катуу уктап жаткан экен. “Балдарга жана Валентина Петровнага баарын айтып берем. Жардамдарына рахмат айтам.  Математиканы жакшы окушум керек экен. Кайсы жерде болбосун, математиканын пайдасы тиет турбайбы!” деп ойлонду Нурбек.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Айгуль Джапарова

Сүрөтчү: Айсулуу Алиева

Которгон: Талгат Деркембаев



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |